**ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин «Акушердик,гинекология жана хирургиялык дисциплиналар» кафедрасынын кезектеги жыйынынын**

# №8 ПРОТОКОЛУ

**Төрайым:** м.и.к.,доцент: Н.А Каримова

**Катчы:** Нурзита Сатыбалды кызы

**Катышкандар:** 20 окутуучу.

**Өтулуучу жай:** 401

**03.02.2026**

## Кун тартиби:

**1. 2025-2026 окуу жылынын II жарым жылдыгына карата жумушчу программаларды,силлабустарды орус, англис тилинде AVN порталына киргизуу жана кафедранын электрондук ресурстарына анализ.**

**2. Ар турдуу маселелер:**

**2.1 Окутуучулардын эмгек келишимин так аткаруу милдеттери**

**2.2 Окутуучулардын 2025-2026-окуу II жарым жылынын кузөт графигин бекитуу**

**2.3 Кафедранын субординациясы жана корпоративдик почта маселелери**

**2.4 Кураторлук саат**

**2.5 Сапат комитетинин текшеруусуно анализ жана МАКтын суроо-тапшырмаларын кафедранын расмий сайтына киргизүү**

**1- маселе: 2025-2026 окуу жылынын II жарым жылдыгына карата жумушчу программаларды,силлабустарды орус, англис тилинде AVN порталына киргизуу жана кафедранын электрондук ресурстарына анализ.**

**Угулду:** Бул маселе боюнча м.и.к., доцент Каримова Н.А. маалымат берип, 2025–2026-окуу жылынын II жарым жылдыгына карата жумушчу программаларды жана силлабустарды орус жана англис тилдеринде AVN порталына өз убагында жайгаштыруунун маанилүүлүгүн белгиледи. Ошондой эле кафедранын электрондук ресурстарынын учурдагы абалына анализ жүргүзүлүп, аларды системалуу түрдө жаңыртып туруу зарыл экендигин айтты.
**Создо чыкты:**Талкуунун жүрүшүндө Маткасымова Г.А. электрондук окуу-методикалык материалдардын сапатын жогорулатуу, аларды заманбап талаптарга ылайыкташтыруу жана студенттер үчүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу боюнча сунуштарын билдирди. Абдирайимов И.С. болсо AVN порталына жүктөлгөн

Сканировано с CamScanner

материалдардын толуктугун жана тактыгын көзөмөлдөөнү күчөтүү, ошондой эле окутуучуларга методикалык жардам көрсөтүүнү уюштуруу зарылдыгын белгиледи.

**2. Ар турдуу маселелер:**

**2.1 – маселе: Окутуучулардын эмгек келишимин так аткаруу милдеттери**

**Угулду:** Каримова Н.А өз сөзүндө окутуучулардын эмгек келишиминде көрсөтүлгөн милдеттерди так жана өз убагында аткаруу билим берүү процессинин сапатын жогорулатууга түздөн-түз таасир этерин белгиледи.
**Созго чыкты:** Ошондой эле Абдирайимов И.С. сабактардын өз убагында өткөрүлүшү, жумуш тартибин сактоо, отчеттук документтерди туура жана мөөнөтүндө тапшыруу, студенттер менен иштөөдө жоопкерчиликтүү мамиле кылуу ар бир окутуучунун негизги милдети экендигин баса белгилеп отту.
Жыйынтыгында, кафедра кызматкерлерине эмгек келишиминин талаптарын так сактоо, кызматтык милдеттерди жоопкерчилик менен аткаруу жана ички тартип эрежелерин бузбоо боюнча эскертүү берилип,ар бир окутуучудан кол тамга алынды.

**2.2-маселе: Окутуучулардын 2025-2026-окуу II жарым жылынын кузөт графигин бекитуу**

**Угулду**: Бул маселе боюнча кафедра башчы жана кафедра мүчөлөрү сөзгө чыгышты. Алар өз сөздөрүндө 2025–2026-окуу жылынын II жарым жылдыгында билим берүү процессин системалуу көзөмөлдөө, сабактардын сапатын жогорулатуу жана окутуучулардын ишмердүүлүгүн баалоо максатында көзөмөл графигин алдын ала бекитүү зарылдыгын белгилешти.
**Созго чыкты:** Улук окутуучу Маткасымова Г.А.кузот графигине ылайык, сабактардын өз убагында өтүшү, окуу-методикалык документациянын жүргүзүлүшү, студенттердин катышуусу жана жетишүүсү үзгүлтүксүз текшерилип туруусу керектигин айтты.
Ошондой эле Кайыпов А.А. ички жана өз ара сабакка катышуу, ачык сабактарды өткөрүү, мониторинг жүргүзүү жана жыйынтыктарын кафедралык жыйындарда талкуулоо аркылуу кемчиликтерди өз убагында аныктоо жана жоюу маселелерине өзгөчө көңүл буруу сунуштады.
Жыйынтыгында, 2025–2026-окуу жылынын II жарым жылдыгына карата күзөт графиги бир добуштан бекитилип, жооптуу адамдарга бекитилген графикке ылайык иш алып баруу жана өз убагында отчет тапшыруу милдеттендирилди.

**2.3 – маселе: Кафедранын субординациясы жана корпоративдик почта маселелери**

**Угулду:** Кафедранын окутуучусу Н.К. Курманалиев өз сөзундо кызматтык этиканы, ички тартип эрежелерин жана субординация принциптерин сактоо кафедранын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугун камсыз кылууда маанилүү орунда турарын айтты.

Айрыкча жетекчилик менен кызматкерлердин, окутуучулар менен административдик кызматкерлердин ортосундагы кызматтык мамилелерде өз ара урмат-сыйды сактоо, расмий кайрылууларды белгиленген тартипте жүргүзүү жана ички маселелерди кызматтык жол менен чечүү зарылдыгы айтылды.

Сканировано с CamScanner

Ошондой эле корпоративдик электрондук почтаны кызматтык максатта гана пайдалануу, расмий кат алышууда ишкердик стильди сактоо, маалыматтарды өз убагында окуп, жооп берүү, тиркелген документтерди талапка ылайык даярдоо жана маалыматтык коопсуздук эрежелерин сактоо маселелерине өзгөчө көңүл буруу сунушталды.

Жыйынтыгында, кафедра кызматкерлерине субординацияны так сактоо, корпоративдик почтаны туура жана жоопкерчилик менен колдонуу, кызматтык кат алышууда этика нормаларын бузбоо боюнча эскертүү берилди. Ошондой эле белгиленген талаптарды бузган учурда ички тартип эрежелерине ылайык чара көрүлөрү маалымдалды.

**2.4 – маселе: Кураторлук саат**

Кураторлук саатты уюштуруу жана өткөрүү тууралуу талкуу жүрүп, студенттерге Кыргыз Республикасынын миграциялык мыйзамдарын так сактоо, жеке жоопкерчилигин түшүндүрүү жана жалпы нормаларды бузбоо боюнча маалымат берүү зарылдыгы белгиленди.
Бардык кураторлор кураторлук саатты белгиленген тема боюнча өткөрүп, анын протоколдорун өз убагында топтоп, кафедрадан көрсөтүлгөн электрондук дарекке жөнөтүүсү милдеттендирилди.

**2.5 Сапат комитетинин текшерүүсүнө анализ жана МАКтын суроо-тапшырмаларын кафедранын расмий сайтына киргизүү**

Сапат комитети тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча кафедра башчы Каримова Н.А. тарабынан маалымат берилди.
Текшерүүнүн алкагында окуу-методикалык документациялардын абалы, силлабустардын жаңылануусу, электрондук ресурстардын жеткиликтүүлүгү жана билим берүү процессинин сапаты каралганы белгиленди.

Ошондой эле Мамлекеттик аттестациялык комиссиясынын МАКтын суроо-тапшырмалары боюнча маалымат берилип, аларды өз убагында аткаруу жана сайтка жайгаштыруу зарылдыгы айтылды. Текшерүүнүн жыйынтыгында аныкталган кемчиликтер жана сунуштар талкууланды. МАК тарабынан берилген суроо-тапшырмаларды системалаштыруу, жооптуу окутуучуларды дайындоо жана аткаруу мөөнөттөрүн тактоо маселелери каралды. Маалыматтын ачык-айкындуулугун камсыз кылуу максатында тиешелүү материалдарды расмий сайтка киргизүү сунушталды.

Сканировано с CamScanner

Жогорудагыларды угуп жана талкуулап отурум токтом кылат:

**Токтом:**

1. Окутуучулар жумушчу программаларды жана силлабустарды орус жана англис тилдеринде AVN порталына өз убагында жайгаштырууга жана кафедранын электрондук ресурстарын үзгүлтүксүз жаңыртууга милдеттендирилсин.

2.1 Кафедра кызматкерлери эмгек келишиминин талаптарын так сактоого, кызматтык милдеттерди жоопкерчилик менен аткарууга жана ички тартип эрежелерин бузбоого милдеттендирилсин. Бул боюнча бардык окутуучулардан кол тамга алынсын.

2. 2 Окутуучулардын 2025–2026-окуу жылынын II жарым жылдыгына карата күзөт графиги бекитилип, жооптуу адамдарга графикке ылайык иш жүргүзүү жана өз убагында отчет тапшыруу милдеттендирилсин.

2.3 Корпоративдик электрондук почта кызматтык максатта гана пайдаланылып, расмий кат алышууда ишкердик стиль жана белгиленген талаптар сакталсын. Кафедра кызматкерлери субординацияны жана корпоративдик почтаны колдонуу тартибин так сактоого милдеттендирилсин.

2.4 Бардык кураторлор куратордук саатты «Кыргыз Республикасындагы миграциялык мыйзамдарды чет элдик студенттер сактоосу» темасында өткөрүп, протоколдорду 06.02.2026-жылга чейин tpaizildaev@oshsu.kg электрондук дарегине жөнөтүүгө милдеттендирилсин.

2.5 Сапат комитетинин текшерүүсүнүн жыйынтыктары боюнча берилген сунуштарды эске алуу менен тиешелүү иш-чаралар планы иштелип чыксын.

МАКка тиешелүү маалыматтар жана аткарылган иштер боюнча материалдар расмий сайтка жайгаштырылсын.

Бул чечимдердин аткарылышын көзөмөлдөө кафедра башчы Н .А Каримовага жүктөлсүн.

Кафедра башчы м.и.к.,доцент Каримова Н.А.

Катчы Сатыбалды к Н

Сканировано с CamScanner

# ОшМУнун эл аралык медицина факультетинин «Акушердик, гинекология жана хирургиялык дисциплиналар» кафедрасынын №8 протоколунан

## КОРУТУНДУ

**Төрайым:** м.и.к.,доцент: Н.А Каримова

**Катчы:** Нурзита Сатыбалды кызы

**Катышкандар:** 30 окутуучу.

**Өтүлүүчү жай:** 412

**27.02.2026**

## Кун тартиби:

1. **Сапат комитетинин текшеруусунө анализ, берилген эскертүүлөрдүн үстүнөн иштөө.**

Ноябрь айында "Сапат" комитети тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүнүн жыйынтыктары боюнча кафедра башчы Каримова Н.А. тарабынан маалымат берилди. Текшерүүнүн алкагында окуу-методикалык документациялардын абалы, силлабустардын жаңылануусу, электрондук ресурстардын жеткиликтүүлүгү жана билим берүү процессинин сапаты каралганын айтып отту.

**Талкуунун жыйынтыгы:**

Окуттучулардын квалификациясы окуткан предметине дал келет.

ОМКдын сырткы,ички рецензиялары бар. Ички рецензияларына кол койдурулган бирок сырткы рецензияларына кол коюлбай калган.

Сабактардын иштелмелери бар толугу менен кирген.

Глоссарийлери бар жана ошондой эле окуттучулар өз ара сабактарга катышышкан.

Негизги жетишпегендик бул Баалоо каражаттарынын фонду(ФОС) ошого толуктоо киргизуу керек,ал толуктоолор киргизилди. Жумушчу топ тузулуп Баалоо каражаттарынын фонду (ФОС) иштелип чыкты.

Ар бир мугалим менен берилген эскертүүлөр боюнча иш алып барылды.

Сапат департаментинин текшеруу алкагында себепсиз келбеген окутуучулар болгон жок.

| № | Аты жону | Себеп |
|---|---|---|
| 1 | Абдурахманов Шаятбек Толонбаевич | Ош шаардык клиникалык ооруканасынын башкы дарыгери |

Сканировано с CamScanner

| | | |
|---|---|---|
| 2 | Мамашарипов Кылычбек Мамадалиевич | Ош Мамлекеттик университетинин медициналык факультетинин деканы |
| 3 | Гаипова Акпери Абдиваитова | Декреттик оргуудо |
| 4 | Маманов Марлен Асанбекович | Бул семестрде сабагы жок |
| 5 | Райымбердиев Тынарбек Рахманбердиевич | Бул семестрде сабагы жок |
| 6 | Жунусов Абсалам Тажибаевич | Бул семестрде сабагы жок |
| 7 | Джапиев Улугбек Хамидович | Бул семестрде сабагы жок |
| 8 | Муратов Акпарали Ырысович | Жумуштан кеткен |
| 9 | Паизова Зарипахан Мамазакировна | Жумуштан кеткен |
| 10 | Матазов Бакыт Абдылдаевич | Жумуштан кеткен |
| 11 | Туйбаев Заир Адиевич | Жумуштан кеткен |
| 12 | Абдиев Азамат Шакирович | Өндүрүштүк практика гана бөлүнгөн |
| 13 | Жумалиев Атабек Каныбекович | Өндүрүштүк практика гана бөлунгөн |
| 14 | Осмонов Тагайбек Женишбаевич | Негизги ишин көрсөткөн.ал бизде айкалыштыруучу окутуучу болуп иштейт |
| 15 | Матмусаев Хошимжон Хамидуллаевич | КД 2 котоулган |

**ТОКТОМ**

**1. Окуу-методикалык комплекстердин (ОМК) сырткы,ички рецензияларына кол тамгаларды толук камсыз кылуу, өз убагында толуктоо милдеттендирилди.**

**2. Баалоо каражаттарынын фонду (ФОС) боюнча жүргүзүлгөн толуктоолор бекитилип жана иштелип чыккан ФОС билим берүү процессинде колдонууга киргизилсин.**

**3. Ар бир окутуучу берилген эскертүүлөр боюнча иштерди улантсын жана окуу-методикалык документацияларды дайыма жаңылап турсун.**

**4. Тиешелүү документтерди убагында даярдоо,толуктоо,камсыз кылуу, бөлүм башчы жана жоопту окутуучулар тарабынан жүргүзүлөт**

**5. Бул токтомдун аткарылышы боюнча отчет кийинки текшерүүгө чейин даярдалып каралат.**

**Кафедра башчы м.и.к.,доцент** **Каримова Н.А.**

**Катчы:** **Сатыбалды к Н**

Сканировано с CamScanner